DOI:10.26104/NNTIK.2023.82.93.058

*Борошев С.Ж., Ураимов К.М.*

# СТАНДАРТТЫК МУЗЫКА САБАКТАРЫНДА РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН БАЛДАР ЫРЛАРЫН ҮЙРӨТТҮҮ ЫКМАЛАРЫ

*Борошев С.Ж., Ураимов К.М.*

# СПОСОБЫ ОБУЧЕНИЯ ДЕТСКИХ ПЕСЕН РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВА НА УРОКАХ СТАНДАРТНОЙ МУЗЫКИ

*S. Boroshev, K. Uraimov*

# METHODS OF TEACHING CHILDREN'S SONGS IN THE LESSONS OF STANDARD MUSIC BY RYSPAI ABDIKADYROV

*УДК: 71.181*

*Макалада стандарттык музыка сабагын уюштурууда залкар обончу композитор Рыспай Абдыкадыровдун балдар чыгармаларын үйрөтүүнүн ыкмалары жана сабактын структуралык өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынган. Андагы обондуу ырлардын эстетикалык табити, балдарга таасир этүүчү тарбиялык мааниси каралган. Автор жанылык катары алгачкылардан болуп, Рыспай Абдыкадыровдун балдарга арналган чыгармаларына илимий иликтөө жүргүзөт. Учурдагы музыка сабагына болгон мамилени көтөрүп чыгат жана сабактын иштелмелерин сунуштайт. Музыка сабагынын өзгөчөлүгүнө басым жасайт. Учурдагы сабактын иштелмесин түзүүнүн көйгөйүнө токтолуп, аны кантип иштеп чыгуунун технологиясы каралган. Музыка сабагынын башталгыч класстарда өтүлүшүнүн өзгөчөлүк жактары салыштырылган, айрым артыкчылыктары баса белгиленген. Окутуп-үйрөтүү эле эмес, анын тарбиялык маанисине да терен талдоо жүргүзүлөт. Музыка сабагын башталгыч класстарда окутуу учурдагы зарыл маселелерден экендиги каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *мектеп, сабак, стандарттык сабак, музыка сабагы, сабактын структурасы, сабактын теориясы, балдар ырлары.*

*В статье рассмотрены методы обучения детей творчеству выдающегося композитора-песенника Рыспая Абдыкадырова при организации стандартного музыкального урока и структурные особенности урока. В нем рассматривается эстетический вкус мелодичных песен и воспитательное значение, воздействующее на детей. Автор был одним из первых, кто ввел новшество, и проводит научное исследование детских произведений. Представляет современные подходы к урокам музыки и предлагает планы уроков. Подчеркивается уникальность уроков музыки. Акцентируя внимание на проблеме создания текущего плана урока, приводится технология его разработки. Сравниваются особенности проведения уроков музыки в младших классах, выделяются некоторые преимущества. Подробно анализируется не только учение, но и его воспитательное значение. Считается, что проведение уроков музыки в начальных классах является одной из актуальных проблем.*

***Ключевые слова:*** *школа, урок, стандартный урок, урок музыки, структура урока, теория урока, детские песни.*

*The article discusses the methods of teaching children the work of the outstanding composer-songwriter Ryspay Abdikadyrov in the organization of a standard music lesson and the structural features of the lesson. It examines the aesthetic taste of melodic songs and the educational value that affects children. The author was one of the first who introduced the innovation, and conducts a scientific study of children's works. Presents modern approaches to music lessons and offers lesson plans. The uniqueness of music lessons is emphasized. Focusing on the problem of creating the current lesson plan, the technology of its development is given. The features of conducting music lessons in junior classes are compared, some advantages are highlighted. Not only the teaching is analyzed in detail, but also its educational significance. It is believed that conducting music lessons in primary schools is one of the urgent problems.*

***Key words****: school, lesson, standard lesson, music lesson, lesson structure, lesson theory, children's songs.*

Акыркы мезгилдерде мектептерде музыка, көркөм өнөр сабактарына көңүл буруу бир аз солгундай түшкөн эле. Кийинки кездерде бул процесс бир аз жандангандай туюлат ошентсе да жогоруда аталган сабактар “өгөйлөнүп” келүүдө. Мындай көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн методологиялык айрым ыкмаларын сунуштоону туура таптык.

Окутуу процесси төмөнкү формаларда өтүлөт: сабак, экскурсия, өндүрүштүк жайларындагы эмгек жана өндүрүштүк окуулар, факультативдик, үйдүк сабактар, ошондой эле класстан тышкаркы ишмердүүлүктөр (предметтик секциялар, илимий уюмдар, олимпиадалар, конкурстар жана башкалар) [2, 332-б.].

Сабак-окуучулардын туруктуу курамы менен аныкталган убакыт ичинде жана белгилүү график менен өткөрүлүүчү окутуунун негизги формасы. Сабактагы окуучунун саны, окутуунун убактысы жана анын графиги нормативдик документтер менен аныкталат. Сабак өзүнчө мааниге ээ болгон жана аныкталган убакыт менен мүнөздөлгөн окуу процессинин өзүнчө бир бөлүгү болуп саналат. Убакыттын аздыгына карабастан ар бир сабактын жүрүшү, анын максатына жетиши окуучулардын билим сапатын түздөнтүз аныктайт. Музыкалык сабакты уюштурууга төмөнкү талаптар коюлат:

- Педагогика илиминин акыркы жетишкендиктеринин жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбанын жыйынтыктарын, ошондой эле окуу ишмердүүлүгүн колдонуу менен бирге окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- Дидактикалык принциптерди жана эрежелерди туура айкалыштыруу;

• Ар бир окуучунун кызыгуусун жана мүмкүнчүлүгүн эске алуу;

• Окуу предметтеринин байланышын камсыз кылуу;

• Мурда өздөштүрүлгөн билимдерге жана билгичтиктерге таянуу;

• Окуучунун мотивинин негизинде анын активдүүлүгүн пайда кылуу;

• Окутуу процессинин ар бир бөлүгүнүн логикалык түзүлүшүн жана эмциональдык коштолушун камсыз кылуу;

• Турмуш, өндүрүш жана ар бир окуучунун өздүк тажрыйбасы менен байланышты камсыз кылуу;

• Окуу-үйрөнүү ыкмаларын калыптандыруу, билимди тынымсыз толуктоого багыт берүү;

• Ар бир сабактын максатынын, өтүү ирээтинин жана башка ушул сыяктуулар.

Ар бир өтүлгөн музыка сабагы сапаттуу өтүшү үчүн ага төмөнкү дидактикалык талаптар коюлат;

• Ар бир сабактын милдеттеринин ачык-айкын аныкталышы;

• Сабактын маалыматтык маңызынын окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша болушу;

• Окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда жаңы маалыматтык технологиялардын орун алышы;

• Окутуунун ар түрдүү методдорунун, каражаттарынын жана формаларынын колдонулушу жана алардын айкалыштары;

• Сабактын түзүлүшүнө чыгармачылык изденүүнү колдонуу;

• Ар бир окуучунун жеке ишмердүүлүгү менен жалпы класстык окуу ишмердүүлүгүн байланыштыруу;

• Тескери байланышты, чыныгы текшерүүнү жана туура жетектөөнү камсыз кылуу;

• Сабакты уюштурууда илимий мамиленин жана жогорку чыгармачылыктын орун алышы [2,228-б.].

Азыркы мезгилде сабактын абдан көп түрлөрү кездешет. Ошондуктан аныкталган критерийлердин негизинде сабактарды топторго бөлүп карашат. Мисалы, сабактарды мазмуну жана өткөрүүнүн түрлөрү боюнча предметинин мазмундук бөлүгүнө жараша бөлөт: мисалы, мазмундук өзгөчөлүгүнө карап, математика предмети боюнча сабак арифметика, алгебра, геометрия жана башка ушул сыяктуу. Ал эми өткөрүүнүн түрлөрү боюнча сабактар: сабак-экскурсия, сабак-театр, өз алдынча сабак жана башкалар.

Сабакты мазмундук бөлүктөрү жана ишмердүүлүктүн мүнөздөрү боюнча төмөнкү топторго бөлүшөт:

а) киришүү сабагы;

б) окуу материалы менен алгачкы ирет тааныштыруу сабагы;

в) жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы;

г) кабыл алынган билимдерди колдонуу сабагы;

д) көндүмдөрдү калыптоо сабагы;

е) бекемдөө, кайталоо жана жалпылоо сабагы;

ж) текшерүү сабагы;

з) аралаш сабак жана башкалар [3, 125-б.].

Ар бир эле сабакка максат коюлат. Ансыз таптакыр мүмкүн эмес. Анткени окуучуга берилүүчү материалдын мазмуну, максаты жана ар тараптуу таасир этүүчү жагы болот. Музыка сабагына коюлуучу максаттын да өзгөчөлүгү болот. Ал анын материалдарынын текстинин мазмунуна көз каранды.

Ошондон улам сабакты коюлган максатынын мүнөзүнө жана өтүү иретине карата эки түргө бөлүүгө болот:

а) стандарттык сабак

б) стандарттык эмес сабак.

Стандарттык сабак-нормативдик документтер менен максаты, маселелери, милдеттери жана өтүү удаалаштыгы алдын-ала аныкталган окуу формасы. Ал эми, стандарттык эмес сабакты уюштурууда максаты, өтүү ирээти, алардын байланыштары, милдеттери ар бир педагогдун чыгармачыл изденүүсүнөн улам аныкталат.

Өз учурунда стандарттык сабактарды төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүүгө болот.

• Аралаш сабак;

• Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы;

• Алынган билимдерди бекемдөө сабагы;

• Билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү сабагы;

• Алынган билимдерди толуктоо, жалпылоо жана системага келтирүү сабагы;

• Билгичтиктерди, көндүмдөрдү текшерүү жана баалоо сабагы жана башка [4, 2].

Орто мектептерде музыка сабагын окутуу процессинин дээрлик басымдуу бөлүгү сабактын аралаш тибиндеги формасында өтөт. Сабактын бул түрүндө окутуу процессинин максаттары жана окутуунун түрлөрү бири-бирине айкалышат. Тактап айтканда, бир эле сабакта өтүлгөн материалды кайталоо, жаңы материалды түшүндүрүү жана аны бекемдөө бири-бирине байланышып, аныкталган удаалаштыкта жүрөт. Ошондуктан, аралаш сабак төмөнкү түзүлүштө болот (убакыттар болжол менен)[8, 189-б.].

1. Окуучуларды окуу процессине даярдоо (3-4 минута). Ар бир педагог сабакты уюштуруу менен баштайт. Уюштуруу ишмердүүлүгү тез, активдүү жана жакшы маанайда өтүшү зарыл. Башкача айтканда жагымдуу маанай түзүп алуу керек. Окуучулар менен учурашуу, окуу процессине ар бир окуучунун жана жалпы класстын даярдыгын текшерүү жана башка ишмердүүлүктөр орун алат. Уюштуруунун аягында ар бир окуучу билим алууга ынтызарланып, окуу-иштерин аткарууга тийиш.

2. Өтүлгөн материалдын үстүндө иштөө (рефлекция) (5-6 минута). Мына ушул мезгил абдан маанилүү, анткени рефлекция болбосо, баланын алган билиминин маңызы ачылбайт. Окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жана өтүлгөн материалды калыбына келтирүү максатында мүмкүн болушунча көпчүлүк окуучуларды сураганга үлгүрүү керек. Айрым учурларда тест жүргүзүү, карточкалар менен жеке иштөө, айрым окуучуларды доскага чакыруу, оозеки текшерүү жана башка ушул сыяктуу экспресс ыкмалар колдонулат. Негизинен ар бир окуучу дайыма даярданып келип, системалуу түрдө текшериле тургандай абал түзүлүшү керек. Андай абалды түзүү музыка мугалиминин жеке чыгармачылыгына, мугалимдик чеберчилигине жараша ишке ашат. Сабактын бул бөлүгү педагог тарабынан өтүлгөн материалды кыска жана так калыбына келтирүү менен аяктайт.

3. Сабак баштоонун алдында мурда тандалып алынган музыкалык көнүгүүнү ырдатуу. Бул процесс төмөндөгүдөй үч этап менен ишке ашат:

1. Дем алып ооз жабылган абалда колдун шилтеми менен квинталык добушка чейин гамма ырдатуу.

2. Ооз ачылган абалда гамма ырдатуу.

3. Стаккато боюнча гамма ырдатуу. Көнүгүү 5-6 минутага созулат.

4. Жаңы материалды терең түшүнүү менен кабыл алуу (20-25 минута). Мугалим жаңы материалды жеткиликтүү болгондой окуучуларга түшүндүрөт. Түшүндүрүү өтүлгөн окуу материал менен өтүлүүчү жаңы окуу материалдарынын окшоштуктары, же тескерисинче карама-каршылыктарын негиздөө менен башталат. Жаңы окуу материалын түшүндүрүү логикалык жактан байланыштуу түйүндүү бөлүктөрдү түшүндүрүү менен берилет. Окуу материалынын оор же, тескерисинче, жеңилдигине карабай ал материал сөзсүз түрдө эки жолу кайталанып түшүндүрүлүшү зарыл [6, 3].

5. Кабыл алынган билимди билгичтикке жана көндүмгө айландыруу, башкача айтканда бекемдөө (5-6 минута).

Сабактын кабыл алынган билимди бекемдөө этабы мисалдарды анализдөө жана көнүгүүлөрдү аткаруу менен иш жүзүнө ашат. Мында бышыктоонун ар кандай ыкмаларын колдонсок болот. Алгачкы мисалды аткарууну педагог өзү өткөрүү менен эң негизги өзгөчөлүктөрдү, аткаруунун ирээти жана логикасы түшүндүрүлөт. Бир, эки мисалдан кийин гана окуу-чуларга жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга багытталган тапшырмалар берилет. Бул учурда айрым окуучуларды доскага чыгаруу, ар бирине жеке тапшырма берүү, топтук жарыштарды жүргүзүүлөр орун алат. Эн негизгиси, ушул жерде эске ала турган нерсе-бул балдардын ырдап жаткандагы музыкатоникалык абалы. Алар отурушат, турушат, бийлешет, жүзүндөгү эмоциялык абалдын түрдүү кырдаалдарда болушу. ж.б.

6. Үйгө тапшырма берүү (5-6 минута).

Окуучуларга үйгө тапшырма берүүдө кайталоо үчүн негизги маалыматтарды окуу китеби боюнча ар түрдүү кошумча булактарынан берилет. Мындан тышкары өз алдынча даярданууга берилген ар бир тапшырманы аткаруунун жолун, андагы негизги маселелерди ачык жана так көрсөтүү зарыл. Айрым учурда ар бир окуучуга өзүнчө тапшырма берүүгө туура келет. Алардын катарында өз алдынча музыка угуу, кошулуп ырдоо (караоке), бийлөө, ж.б.у.с. ишмердүүлүктөр кирет.

7. Жыйынтыктоо, баалоо (2-3 минута).

Ар бир сабак окуучулардын окуу процессине катышуусун, андагы аракеттерин баалоо менен аякташы зарыл. Ар бир окуучунун окуу жетишкендигин аныктоо мүмкүн болушунча обьективдүү, ачык жана далилдүү жүргүзүлүшү керек. Сабактын аягында педагог жалпы жыйынтык чыгарат.

Мындай сабактардын даяр иштелмелери учурда абдан зарыл маселелерден экендигинде талаш жок.

Рыспай Абдыкадыровдун өмүрү чыгармачылыгын 1-класста окутуу.

*Темасы: Рыспай Абдыкадыровдын «Бөбөгүмдү ойнотсом» аттуу чыгармасын 1-класска үйрөтүүнүн усулу.*

*Сабакты уюштуруу.*

1. *Уюштуруу.* Класска кирүү, жана партанын жанында марш менен басып туруу, улам жаңы марштардын коштоосу менен өтөт. «Салтанаттуу марш» музыкасы: Калый Молдобасанов.

2. *Музыка уктуруу. «Бөбөгүмдү ойнотсом»* музыкасы: *Рыспай Абдыкадыров.* «Пахтачы кыздын бийи» музыкасы: С. Медетов.

3. *Ырдоого көнүгүү.*

*«Бөбөгүмдү ойнотсом»* музыкасы: *Рыспай Абдыкадыров.*

4. *Дептер менен иштөө.* Ноталык сызыкчалардын арасына жана сызыктарды бастыра тегеректелерди жазуу.

5. Үйгөтапшырма.

Сабактын усулдук көргөзмөсү

1. Марш менен класска кирүүдө мүнөздөрү ар башка болгон 2 марштын коштоосу менен өтөт. Марштардын ыргагын бирде жай, бирде ылдам кылып кээде байкоосуздан токтотуп коюу керек. Бул балдардын музыкага көңүл буруусунө өрчүтүүгө жардам берет.

2. *«Бөбөгүмдү ойнотсом»* музыкасын жазган *Рыспай Абдыкадыров менен* С.Медетовдун «Пахтачы кыздын бийи» деген чыгармаларын уктуруу менен балдардын музыкан угуп, ага жараша турмушка жана жаратылышка ой-жүгүртүү, ал чыгармаларды салыштыруу аркылуу, анны баалоо сезимдеринин өнүгүшү үчүн жасалат. Окуучулар музыкаларды уккандан кийин окуучулардын музыканын мүнөзүн (көңүлдүү,

кайгылуу) жана эмнени көз алдыга элестетип жатышканына жооп бериши керек.

3. *Рыспай Абдыкадыровдун «Бөбөгүмдү ойнотсом»* деген ырын үйрөтүүдө, көнүгүү катары ырдын кээ бир кайрыктары пайдаланылат.

Ырдын бардык куплеттери үйрөнүлүп бүткөндөн кийин, мугалим окуучуларга; азыр музыкалык табышмак берерин эскертет.

4. Мугалим *«Бөбөгүмдү ойнотсом»* ноталардын аттары менен (сольфеджио) ырдап берет да, булл кайсыдыр экенин сурайт. Бул ыр *«Бөбөгүмдү ойнотсом»* экенин балдар таанышат. Ушундан кийин, ырды кагаздын бетине өзгөчө белгилер менен жазууга боло тургандыгын, ал белгилер нота деп аталарын мугалим окуучуларга түшүндүрөт.

*Таяныч сигнал. Жаңылмач.*

Мурун клеткага жазып жүргөн тегерекчелерди, мындан ары ноталык сызыктарга жаза баштайбыз. Мугалим, текшерип келген, (нота сызыкчаларына жазылган тегерекчелерди) дептерлерди балдарга таратып берет да, өзүнүн жетектөөсү менен нота сызыктарына бир нече тегерекчелерди жазууну үйрөтөт.

Ушул эле иш үйгө тапшырма катарында берилет.

5. Үйгө тапшырма.

а) Нота сызыктарынын арасына жана сызыктарды бастыра тегерекчелерди жазып келүү.

б) *«Бөбөгүмдү ойнотсом»* деген ырдын бардык куплетинин сөзүн жаттап келүү.

Ошондой эле жогорудагыдай процессти музыка сабагында таяныч сигналдарын колдонуу менен да жүргүзүүгө болот. Алсак, таяныч сигналдары (мындан кийин ТС болот) аркылуу сабак өтүү бир топ эффективдүү экендигин практика көрсөттү. Мунун кандай зарылдыгы бар? Же, таяныч сигналдар (мындан кийин ТС болот) деген эмне? - деген суроолор болбой койбойт.

Аталган суроого жоопту В.Ф.Шаталовдун өз иш тажрыйбасын ретроспективалык анализине негизделген китептеринен табууга болот.

Мисалы: Виктор Федорович согуштук топограф, фронттук чалгынчы болуп кызмат өтөп жүргөн согуш жылдары физикалык географиянын негиздерин, практикалык колдонмолорун өздөштүргөн. Орто мектепте физика, математика мугалими болуп иштеп жүргөн жылдары, мектептин практикасында программалык материалдарды жетишсиз өздөштүргөн окуучулар экинчи жылы ордунда калтырылган. Виктор Федоровичтин байкоолорунан, "жөндөмсүз" окуучулар ар кандай спорттук оюндар болобу, кыска убакыттын ичинде оперативдүү, жоопторду талап кылуучу баш катырмалар, кроссворддор болобу, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү "күчтүү окуучуларга" караганда ашыкча болсо ашыкча, бирок кем эместиги ырасталат. Ал, бул окуучулар менен аңгемелешип, сабактан кийин материалдарын кайра-кайра түшүндүрөт. Бирок, консультациялык режимде окуу материалдарына жооп бере алышпайт. Мына ошол учурда окумуштуу консультациядан окуу материалдарын түшүндүрүүдө пайдаланган чиймелерди, кыска фразаларды, шарттуу белгилерди пайдаланып жооп берүүсүн өтүнөт. Дал ушул убакыттан баштап "жөндөмсүз окуучулардын" сабакка болгон жетишүүсү кескин жогорулайт. Андан кийин, окуучулардын оозеки жообун жогорулата турган кыска фразаларды, шарттуу белгилердин жыйындысын "таяныч конспектиси", акырында таяныч сигналдары деп аталып калат.

Пикирибизче, В.Ф.Шаталовдун методикасын этап-этабы менен өздөштүрүү оң, башкача айтканда жаңычыл окутуу технологиясынын ажырагыс бөлүктөрүнүн татаал ыкмалардын жыйындыларынын ичинен, китепчеде сунуш кылынган ТСны колдонуп сабак өтүүгө жөнөкөйлөтүлгөн вариантын сунуш кылабыз. Бул убакытта биздин иш тажрыйбабыз көрсөткөндөй ушул жол менен окутуу технологиясынын негизги элементтери менен байланышы, баамдоого, үйрөнүүгө шарт түзүү менен, андан кийин этапта, окутуу технологиясынын ички багыттарын өздөштүрүүгө, анын толук мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөгө болот [9, 13-21-бб.].

Жогоруда белгиленгендердин негизинде, сигналдар менен музыка сабагын окутуу технологиясын карап көрөлү.

1. Жаны теманы түшүндүрүү

Жаңы тема 2 жолу түшүндүрүлөт.

А) биринчи жолу-кадимки традициялык режимдегидей, үндүн ыргагын өзгөртүү менен эмоционалдуу түшүндүрүлөт. Андан кийин минуталык пауза берилет.

Б) ТС менен экинчи жолу жай,шашпай, бирдей темпте окуу материалы түшүндүрүлөт. Мында, окуучулар ТСдын дешифровкалары менен таанышып, ТСда камтылган окуу материалынын маүыз, мазмунун түшүнүшөт. Окуучуларга түшүнүксүз болсо уч, төрт жолу менен түшүндүрүлөт. Окуучулар кийинки сабакта ТСды жазуу жүзүндө, оозеки жооп берүү үчүн, үйлөрүндө өзгөчөлөнгөн тартипте даярданып келүү сунуш кылынат. Анын маңызы төмөндөгүдөй эстеткичте чагылдырылат.

1. Үйдүк тапшырманы ТС менен салыштырып чыгып, окуу китептерин окуп чыккыла.

2. Өз алдыңарча ТСга карап, үйгө берилген тапшырманы айтып бергиле.

3. ТСда эсиңде калганын жазгыла.

4. Жазган ТСды "оригиналы" менен салыштыргыла.

5. Эсиңерден чыгып жаза албай калган сөз, белгилерди ачык түс (сары, кызыл түс) менен толуктагыла.

6. Башка сабактарга даярдангыла, өзүңөргө тиешелүү үйдүн жумушун аткаргыла.

7. ТСды дагы жазып көргүлө. Түстөргө боёгула. (Бүтүн нота – көгүш, жарым нота – кара, чейрек – жашыл, сегиздик - сары түстө берилет.)

8. Сабакка эки жолу даярдангыла. Биринчи – сабакта жаңы тема өтүлгөн күнү, экинчи жолу – сабактан бир күн мурда. [9, 13-21-бб.]

Берилген биринчи ТСда окуучулар биринчи жолу таанышып, аны менен кандайча даярдануу, жооп берүүгө боло тургандыгын толук элестете алышпайт. Анын үстүнө бир гана музыка менен окутуу технологиясында колдонууга киришкен музыка мугалимдери, окуучулардын көнүгүп кетүүсүнө көп күч жумшоого туура келет [9, 13-21-бб.]

Демек музыка сабагын өтүүдө азыркы учур талабын эске алып, мугалимдердин билимин өркүндөтүү зарыл. Алар үчүн методикалык колдонмо, окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгуу кечиктирилгис чаралардан. Музыка, сүрөт, көркөм өнөр сабактарын кайрадан карап чыгып, мурдагы абалына келтирүү зарылдыгын белгилеп кетмекчимин. Ансыз жаш досторубуздун дүйнөгө болгон эстетикалык табитин жоготуп алабызбы деген кооптонуу жок эмес.

**Адабияттар:**


1. Алагушев Б. «Ырдап кой». - Бишкек, 2002-ж.
2. Апышев Б. Педагогика. - Ош, 2001.
3. Боркеев Бөкөнбай, Борошев С. «Рыспай» томдуктары. - Б.: «Бийиктик», 2017.
4. Боркеев Бөкөнбай «Көөнөрбөс ырдын кайнар булагы», «Ленинчил жаш» газетасы 1985-ж. 1-сентябрь.
5. Боркеев Бөкөнбай. «Ырга айланып учуп жүрөт Рыспай». Рыспай томдуктары. - Б.: «Бийиктик», 2013, 6-том. 5-бет.
6. Борошев С., Кадыралиев С. «Р. Абдыкадыров жана кыргыз обондору». «КТР-ОБО». - Бишкек, №1. 216 05.01.2001.
7. Боркеев Бөкөнбай. «Рыспай» даректүү романы. - Бишкек: «Б Субанбердиев» басмасы, 2002.
8. Иметов Б. «Кыргыз обондорунун новатору» Рыспай томдуктары. - Б.: «Бийиктик». - 43-44-бб.
9. Токтогулов С. Негизги мектепте таяныч сигналдары менен окутуу методикасы. - Жалал-Абад, 2011. - 13-21-беттер.